**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**“ПАМИР-АЛАЙ” АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ**
**“АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА “ПАМИР-АЛАЙ”**

---

Памир-Алай айылдык Кеңешинин VII-чакырылышын кезектеги 1- отурумунун

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 20-февралы № 1 Сары-Таш айылы

**«Памир-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 “Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик – аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө” токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, “Памир-Алай” айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Талды-Суу, Сары-Таш жана Сары-Могол айыл аймактарынын айылдык кеңештерин бириктирүү жолу менен “Памир-Алай” айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемеси болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**
- **Мамлекеттик тилде**: “Памир-Алай” айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемеси.
- **Расмий тилде**: Учреждение “Айылный кенеш айылного аймака “Памр-Алай”

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**
- Мамлекеттик тилде: “Памир-Алай” айыл аймагынын айылдык кеңеши” М-и.
- Расмий тилде: У-е “Айылный кенеш айылного аймака “Памр-Алай”.

2. “Памир-Алай” айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесине өткөрүп берүү актысы бекитилсин.

3. “Памир-Алай” айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин Жобосу бекитилсин.

4. “Памир-Алай” айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Алай району, Сары-Таш айылы, Мээрим көчөсү, №16 болуп аныкталсын.

5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**“Памир-Алай” айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы** **Н.Койчуман уулу**